УДК: 37.013+004:37+371.13

**Маткасымова М.О.**
окутуучу, ОшГПУ им. А. Мырсабекова, г. Ош, Кыргызстан
**Маткасымова М.О.**
преподаватель, ОшГПУ им. А. Мырсабекова, г. Ош, Кыргызстан

**Matkasymova M.O.**
teacher, Osh State Pedagogical University named after A. Myrsabekov, Osh, Kyrgyzstan
ORCID: 0009-0002-7870-7535
E-mail: minavar68@mail.ru

# ЖОЖдордо БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИНИН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МОДЕЛИ

# МОДЕЛЬ ФОРМИРОВАНИЯ ТЕХНОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ В ВУЗАХ

# A MODEL FOR DEVELOPING THE TECHNOLOGICAL CULTURE OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS IN HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

**Аннотация.** Макалада ЖОЖдордо болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруунун модели негизделген. Моделди негиздөөдө илимде топтолгон изилдөөлөрдөгү рационалдуу идеялар; башталгыч класс мугалимдеринин кесиптик педагогикалык компетентүүлүктөрүнө коюлган талаптар; башталгыч класс мугалимдерин даярдоо чөйрөсүндө иштеген эксперттердин пикирлери эске алынган. Эксприменталдык изилдөө процессинде моделдештирүү методун жетекчиликке алуу менен болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруунун максаты, принциптери, структуралык компоненттери, критерийлери, алардын көрсөткүчтөрү, деңгээлдери, педагогикалык шарттары ичине алган системасын иштеп чыктык. Жогорку кесиптик педагогикалык билим берүүнүн контекстинде реалдуу педагогикалык процессте башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын клыптандыруунун модели долбоорлоо, нормативдик жана рефлексивдик функцияларды аткарат. Түзүлгөн модель комплекстүүлүк жана системдүүлүк, аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк, инновациялуулук, интеграциялоо, контекстик мамиле, вариативдүүлүк, интерактивдүүлүк сыяктуу принциптерге негизделет.

**Негизги сөздөр:** башталгыч класс, мугалим, технологиялык маданият, калыптандыруу, модель.

**Аннотация**. В статье обоснована модель формирования технологической культуры будущих учителей начальных классов в условиях высшего учебного заведения. При разработке модели были учтены рациональные идеи, содержащиеся в научных исследованиях; требования, предъявляемые к профессионально-педагогическим компетенциям учителей начальных классов; а также мнения экспертов, работающих в сфере подготовки учителей начального звена. В процессе экспериментального исследования, руководствуясь методом моделирования, была разработана система, включающая цель, принципы, структурные компоненты, критерии, их показатели, уровни, этапы и педагогические условия формирования технологической культуры будущих учителей начальных классов. В контексте профессионального педагогического образования модель выполняет проектировочные, нормативные и рефлексивные функции в реальном педагогическом процессе. Разработанная модель основана на следующих принципах: комплексность и системность, осознанность и активность, инновационность, интегративность, контекстный подход, вариативность, интерактивность.

**Ключевые слова:** начальные классы, учитель, технологическая культура, формирование, модель.

**Abstract.** The article substantiates the model of formation of technological culture of future elementary school teachers in the conditions of higher educational institution. When developing the model, the rational ideas contained in scientific research; the requirements for the professional and pedagogical competencies of elementary school teachers; as well as the opinions of experts working in the field of training elementary school teachers were taken into account. In the process of experimental research, guided by the modeling method, a system was developed, including the purpose, principles, structural components, criteria, their indicators, levels, stages and pedagogical conditions of formation of technological culture of future elementary school teachers. In the context of professional pedagogical education, the model performs design, normative and reflexive functions in the real pedagogical process. The developed model is based on the following principles: comprehensiveness and systematicity, awareness and activity, innovativeness, integrativeness, contextual approach, variability, interactivity.

**Key words:** elementary school, teacher, technological culture, formation, model.

**Актуалдуулугу.** Кыргызстандын жогорку педагогикалык билим берүү мейкиндигинде болочок мугалимдерди жаңы парадигмаларга негизделген окутуу технологияларын ишке киригизүүгө даярдоонун жолдорун издөө жана долбоорлоо актуалдуу милдеттердин бири катары ортого чыкты. Ал эми бул маселени илимий педагогикалык жактан оптималдуу долбоорлоонун эң ишенимдүү жолдорунун бири моделдештирүү методу болуп эсептелет. «Модель» латын тилинен кирген универсалдуу термин. Түпкү мааниси "образ, ченем, үлгү" [5, 112]

И.А Колесникованын айтымында, модель – бул изилденип жаткан объектиге (кубулушка) окшош схема, сүрөттөмө, физикалык структуралар же формулалар түрүндөгү жасалма жол менен түзүлгөн үлгү жана элементтердин түзүлүшүн, касиеттерин жана өз ара мамилелерин жөнөкөй формада чагылдырган же кайра жараткан үлгү. [6, 29]

Н.Бордовская жана А.Реан [4, 37] моделдештирүүнү моделдерди куруу жана изилдөө процесси катары карашат. Г. Балл., В. А. Мединцевдер «моделдөө» түшүнүгүн, ар кандай кубулуштарды, процесстерди же объекттердин системаларын алардын моделдерин куруу жана изилдөө жолу менен изилдөө; объекттердин мүнөздөмөлөрүн аныктоо же тактоо үчүн бир үлгүнү колдонуу катары чечмелейт. Түпкүлүгүндө ар кандай илимий изилдөөнүн теориялык да, эксперименталдык мазмуну моделдөө идеясына негизделет. [2, 53].

А. Алимбековдун пикиринде "Моделдөө – бул бизди кызыктырган процесстин объектилеринин сапаттарын аныктоо ыкмасы. Педагогикада моделдештирүү иши педагогикалык процесстин компоненттерин, образдарын илимий категориялар аркылуу абстракциялоо аркылуу жүзөгө ашып окуу-тарбия процессин пландаштыруу, жакшыртуу, башкаруу ж.б.у.с. маселелерди чечүү үчүн колдонулат». [1, 9].

**Изилдөөнүн максаты** — болочок башталгыч класстын мугалимдерин технологиялык маданиятын калыптандыруунун моделин айныдоо.

**Изилдөөнүн материалы жана методдору.** Мугалимдин технологиялык маданиятынын мазмундук структурасын аныктоодо бир катар булактарга таяндык. Алар: илимде топтолгон изилдөөлөрдөгү рационалдуу идеялар; башталгыч класс мугалимдеринин кесиптик педагогикалык компетентүүлүктөрүнө коюлган талаптар; башталгыч класс мугалимдерин даярдоо чөйрөсүндө иштеген эксперттердин пикирлерин анализдөө.

**Изилдөөнүн натыйжаларын сыпаттоо, талкуулоо.**

Биздин изилдөөнүн алкагында болочок башталгыч класстын мугалимдерин технологиялык маданиятын калыптандыруунун модели өз ара байланыштагы жана өз ара көз карандылыктагы уюштуруучулук, илимий жана методикалык ыкмалардын тутуму менен аныкталат.

*Моделдин максаты-* болочок башталгыч класстын мугалимдерин технологиялык маданиятын кесиптик педагогикалык компетенттүүлүктүн компоненти катары калыптандыруу.

Анын түпкү негизин, булагын Кыргыз Республикасында башталгыч класс мугалимдерин даярдоонун мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынан келип чыккан мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүктөрүн маданиятын калыптандырууга багытталган карата заманбап парадигмалар жана педагогикалык принциптер түзөт.

Жогорку кесиптик педагогикалык билим берүүнүн контекстинде реалдуу педагогикалык процессте башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын клыптандыруу долбоорлоо, нормативдик жана рефлексивдик функцияларды аткарат:

- долбоорлоо функциясы (долбоорлоо функционалдык компонент) окутууну долбоорлоо, тандоо же окуу маселелерин адекваттуу чечимди иштеп чыгууга багытталат;
- нормативдик функция (нормативдик функционалдык компонент) студентти окуу процессин технологиялык негизде уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча нормативдик талаптарды аткарууга багыттайт;
- рефлексивдик функция (рефлексивдик функционалдык компонент) окуучунун өзүнүн өткөн тажрыйбасын түшүнүү, кайра ойлонуу жана трансформациялоо жөндөмдүүлүгү, стереотиптерден чыгуу жана конкреттүү билим берүү маселелрин чечүүнүн адекваттуу амалын табуу жөндөмдүүлүгү катары каралат.

Жогорудагыдай жоболор биздин изилдөөбүздүн эксперименталдык бөлүгүндө билим берүү процессин уюштуруунун комплекстүүлүк жана системдүүлүк, аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк, принциби, инновациялуулук,интеграциялоо,принциби, контекстик мамиле, вариативдүүлүк, интерактивдүүлүк сыяктуу принциптерин негиздөөгө мүмкүнчүлүк берди.

Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруунун моделинде анын мазмундук структурасы критерийлери, көрсөткүчтөрү жана өлчөө деңгээлин аныктоо маселелери өзгөчө мааниге ээ. Буга байланыштуу обол мугалимдин технологиялык маданиятынын функционалдык гана эмес, структуралык компоненттерин бөлүп көрсөтүү максатка ылайык деп эсептедик. Алардын негизинде болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятынын структурасы төрт компоненттен турушу керек деген жыйынтыкка келдик.

*Мотивациялоочу-ориентациялоочу компонент* билим берүүнүн мазмунун долбоорлоонун зарылдыгын аңдап билүү жана өнүктүрүү, болочок мугалимдердин бул ишке болгон жеке оң мамилеси жана туруктуу кызыгуусунан турат. Жогоркудай көз караштардын негизинде болочок башталгыч класстын мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруунун структурасында мотивациялык компонент негизги орунду ээлерин жана анын адистин педагогикалык технологиялык баалуулуктарды аңдап билүүсүнөн, окутуунун ар кандай технологияларын өздөштүрүүсүнө кызыгуусун ойготуудан тураарын белгилөөгө болот. "Анын максаты – адамдын ишаракетинин негизин түзүү жана тандалган максатка жетүү үчүн түрткү берүү болуп эсептелет» [ 3, 11]

Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруу процессинде жөнгө салуучу функцияны аткарган мотивациялык компонентти эки багытта кароого болот. Биринчиден, мотивдердин жалпы структурасында кесиптик мотивациянын орду жагынан жана экинчиден, билим берүү системасында болуп жаткан педагогикалык технологиялык өзгөрүүлөргө карата болочок мугалимдин мамилесине баа берүү аркылуу.

Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруунун экинчи компоненти *мазмундук компонент* болуп саналат. Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруунун мазмундук компоненти болочок мугалимди даярдоонун өзөктүү компоненти деген жыйынтыкка келдик. Анткени ал болочок мугалимдин кесиптик педагогикалык билимдерин бүгүнкү заманбап педагогикалык технологиялардын алкагында болушун шарттайт. Башка сөз менен айтканда когнитивдик компонент болочок мугалимди заманбап педагогикалык, дидактикалык

технологиялар менен куралдандырууга негизделет.

Болочок мугалимдин технологиялык маданиятынын структурасындагы *операционалдык -ишмердүүлүк компоненти* бул технологиялык маданиятты өздөштүрүү жолундагы субьективдүү тажрыйбаларынын динамикасын чагылдырат. Ошону менен бирдикте ал болочок башталгыч класс мугалиминин педагогикалык технологияларды иш жүзүндө колдонуу даярдыгы. Ал гностикалык, уюштуруучулук жана конструктивдүү долбоорлоо жөндөмүнүн деңгээлинде көрүнөт. Студенттин технологиялык маданиятынын бул компонентинин функциялары педагогикалык технологияларды тандоо, иргөө жана сабактарда максатка ылайыктуу колдоно билүүсүнөн көрүнөт.

Даярдыктын *баалоочу-рефлекциялык компоненти* да терең талдоону талап кылат. А. А. Бизяева рефлексивдүү компонент технологияларды колдонуу менен окуу процессин өз алдынча моделдөө жөндөмдүүлүгү катары мүнөздөлөөрүн билдирет [3]. Биздин изилдөөбүздө баалоочу-рефлексивдүү компонент болочок мугалимдердин педагогикалык технологияларды өздөштүрүү колдонуу жолундагы өзүнүн компетенттүүлүгүн талдоо менен мүнөздөлөт. Бул компонент өзүнүн аткарган ишин өзү талдоо, баалоо б.а. рефлексивдүү процесстер аркылуу ишке ашат. рефлексия феномени, ал көптөгөн педагогикалык изилдөөлөрдө адамдын өзүнүн ой жүгүртүүсүн жана аткарылган практикалык ишмердүүлүгүн талдоо жана баалоого багытталган иш-аракеттин түрү катары каралат.

Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданияты калыптандырууда ар бир компоненттин өзүнчө орду бар, бирок алар биримдикте каралганда гана процесс натыйжалуу, эффективдүү болот.

Мугалимдин технологиялык маданиятынын деңгээли анын компоненттеринин калыптануу даражасына жараша болот. Анын технологиялык маданиятынын бир деңгээли менен башкасынын ортосундагы айырма мугалимдин өзүнүн педагогикалык позициясын, чыгармачылык индивидуалдуулугун,педагогикалык техниканы жана технологияларды өздөштүрүү даражасын билдирет.

Буга байланыштуу болочок башталгыч класстын мугалимдеринин бул иш-аракетке даярдыгынын деңгээлин диагностикалоо жана белгилөө максатында эксперименталдык педагогикалык изилдөөлөрдүн заманбап талаптарына ылайык критерийлер жана көрсөткүчтөр аныктадык.

Критерийлер боюнча болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруунун компоненттери тандалып алынып, көрсөткүч катары бул процесстин өзгөчөлүктөрүнүн сапаттык мүнөздөмөлөрү алынган. Бул ыңгайда болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятынын калыптанышын үч деңгээлде карадык: жогорку, орто жана төмөнкү.

Көрсөткүчтөрдү тандоо адекваттуулук, объективдүүлүк жана комплекстүүлүк талаптарынын негизинде жүргүзүлгөн, ошондуктан биз төмөнкү критерийлерди көзөмөл алдык (таблица 3.1.).

**Таблица 1. Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятынын калыптангандыгынын критерийлери жана көрсөткүчтөрү**

| Критерийлер | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| 2 | 3 |
| Мотивациялык баалуулук | Технологиялык маданиятка ээ болууну кесиптик компетенттүүлүктүн компоненти катары аңдоо; окуу процессинин натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган окутуу технологияларын активдүү үйрөнүү, колдонууга карата чын ыкластуу, туруктуу мамиле. |
| Мазмундук | Педагогикалык технологиялардын концептуалдык, методологиялык жана процедуралык негиздерин билүү; окутуу технологияларынын салыштырмалуу натыйжалуулугун илимий-методикалык жактан талдап, иргеп тандоо критерийлерин билүү |
| Операционалдык ишмердүүлүк | Кесиптик дидактикалык методикалык компетентүүлүктөрдүн туруктууулугу жана жана аларды аларды жаңы стандарттуу эмес кырдаалдарда чыгармачылык менен реализациялоо жөндөмдүүлүгү. |
| Рефлекциялык | Педагогикалык технологияларды колдонуу боюнча өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн өз алдынча өркүндөтүүнүн конкреттүү багыттарын негиздөө. |

Бул ыңгайда болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятынын калыптанышын үч деңгээлде карадык: *жогорку, орто жана төмөнкү.*

Болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятынын калыптаныш деңгээлдерин алардагы туруктуу жана типтүү белгиленген критериалдык көрсөткүчтөрдүн карым-катышы жана сапаттык-сандык мүнөздөмөсү катары карадык.

Демек, болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруу – бул татаал кубулуш, анын компоненттери мотивациялык, мазмундук, операциялык, инсандык компоненттер. Алар келечектеги мугалимдин педагогикалык инновацияларга, окутуу технологияларына болгон кызыгуусун, аларды ишке ашыруунун маңызы жана ыкмалары жөнүндө билимди өздөштүрүүсүн системалуу түрдө чагылдырат. Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданиятын калыптандыруунун компоненттеринин калыптануу деңгээли төмөнкү, орто, жогорку; калыптануу ырааттуулугу бул калыптануунун бардык компоненттеринин системалуу өнүгүшүнө шарт түзөт. Болочок башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданияты деп педагогикалык технологияларды колдонуу багытындагы иш-аракеттерди эффективдүү өздөштүрүү үчүн зарыл болгон билимди, жөндөмдү, мотивацияны, баалуулуктарды жана жеке сапаттарды бириктирген элементтердин динамикалык жыйындысын түшүнөбүз. Болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруунун натыйжалуулугу педагогикалык шарттар жана аларды практикага киргизүү даражасы менен аныкталат.

Болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары дегенде биз окуу жайдын бул процесске оптималдуу түрдө таасир этип максатка жетүүгө өбөлгө болгон окуу жана материалдык-мейкиндик чөйрөсүнүн жагдайларынын өз ара айкалышын бириктирген педагогикалык системанын компонентин түшүнөбүз.

Ушундан улам биздин изилдөөбүздө болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандырууга өбөлгө болуучу төмөнкүдөй педагогикалык шарттар аныкталган: болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологияларды үйрөнүүгө карата дөөлөттүк мамилесин, мотивациясын өнүктүрүү, стимулдоо; педагогикалык, методикалык дисциплиналардын мазмунун окутуу технологияларын окуу жана кесиптик тапшырмалардын негизинде активдүү үйрөнүү багытындагы материалдар менен максаттуу өркүндөтүү; студенттердин өздөрүнүн технологиялык маданиятын өз алдынча өнүктүрүүсү үчүн чөйрө түзүү.

Ошентип, биз моделдештирүү методун жетекчиликке алуу менен болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруунун максатын, принциптерин, структуралык компоненттерин, критерийлерин, алардын көрсөткүчтөрүн, деңгээлдерин этаптарын педагогикалык шарттарын ичине алган системасын иштеп чыктык.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Орто мектепте окутуунун методдору. Орто мектептин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. Б.; 2019.- 137 б.
2. Балл Г. А., Мединцев В. А. Формализованное описание процессов как теоретический ресурс изучения развития // Мир психологии. 1. 2016. С. 53-66.
3. Бизяева, А. А. Рефлексивный процессы в сознании и деятельности учителя: автореф. дис. ... канд. психол. наук. – СПб., 1993. - 22 с
4. Бордовская Н. В., Реан А. А. Педагогика: Учебное пособие. — СПб.: Питер, 2006. —. 304
5. Коджаспирова Г. М. Педагогический словарь: для студентов высш. и сред. пед. учеб. заведений /Г. М. Коджаспирова, А. Ю. Коджаспирова. – Москва : Академия, 2005. – 176 с.
6. Колесникова, И. А. Педагогическое проектирование: Учебное пособие для высш. Учеб. заведений– М.: Академия, 2005. – 288 с.
7. Маткасымова М., Алимбеков А. Изучение мнений выпускников педагогического вуза о технологиях обучения// Бюллетень науки и практики. 2023. Т. 9. №12. (97 выпуск). С. 348-353
8. Мелетичев В.В. Мотивационное обеспечение профессионального развития педагога как система // Непрерывное образование в Санкт-Петербурге. 2019. С. 53–60.